милдеттенмелерин эсептеп чыгуу жана эсепте чагылдыруу.

## 2. Кардарларды эсептик-кассалык тейлөөнү ишке ашыруу

**КК2.4.** Кардарлардын жана банктын кызматкерлеринин операцияларына кассалык тейлөөнү жүзөгө ашыруу;

**КК2.5.** Банктык төлөм карталарын колдонуу менен операцияларды тейлөө;

**КК2.6.** Улуттук жана чет элдик валюталарда накталай эмес төлөмдөрдү тейлөөнү ишке ашыруу;

## 3. Банктык продукттарды жана тейлөөлөрдү сатууну, кардарларды сапаттуу тейлөөнү ишке ашыруу

**КК3.7.** Хеджирование усулун колдонуудагы банктык операциялардын, банктык тобокелчиликтин мүнөзүн аныктоо;

**КК3.8** Коммерциялык банктын маркетингдик стратегиясын ишке ашыруу;

**КК3.9.** Коммерциялык банктын кардарынын демилгеси менен жүргүзүлүүчү операцияларды ишке ашыруу жана эсебин жүргүзүү;

**КК3.10.** Банктар аралык финансы рыногундагы коммерциялык банктын операцияларын ишке ашыруу жана эсебин жүргүзүү.

## 4. Жеке жана юридикалык ссуда алуучу жактардын насыяны төлөө жөндөмдүүлүгүнө талдоо жүргүзүү, насыялык операцияларды ишке ашыруу

**КК4.11.** Кардарлардын насыя төлөө жөндөмдүүлүгүн аныктоо;

**КК4.12.** Берилген насыяларды колдоо;

**КК4.13.** Насыялык тобокелдик бар болгон активдер боюнча мүмкүн болгон зыян үчүн камдарды түзүү жана эсебин жүргүзүү.

## 5. Коммерциялык банктардын негизги экономикалык көрсөткүчтөрүнүн динамикасына таасир берүүчү жагдайларга талдоо жүргүзүү

**КК5.14.** Коммерциялык банктын экономикалык ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүү;

**КК5.15.** Коммерциялык банктын финансылык абалын баалоо.

30. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы төмөнкү окуу циклдерин үйрөнүүнү карайт:

Блок 1 “Дисциплиналар (модулдар)"

1) жалпы гуманитардык цикл;

